*Жумабекова Т.А.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КООМДУ ДЕМОКРАТИЯЛАШТЫРУУ ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК АТАЛГЫ ТААНУУДА – ЖАРАНДЫК УКУКТАР

*T.A. Jumabekova*

# OF THE KYRGYZ REPUBLIC IN INTERNATIONAL AND DEMOCRATIZATION OF THE SOCIETY IS RECOGNIZED – CIVIL RIGHTS

*УДК: 341.16:37.014.2.*

*Автор Кыргыз Республикасындагы адам укуктарын камсыз кылуунун, ишке ашыруунун жана адам укуктарын камсыз болуусун, ишке ашуусун эл аралык стандарттарга дал келүүсүн изилдөөгө далалаттанган.*

***Негизги сөздөр:*** *адам укуктары, укук, эл аралык уюмдар, теория, демократия, конституционализм.*

*The author in the Kyrgyz Republic, human rights, and ensuring the realization of human rights, compliance with international standards in the study of decalactone implementation.*

***Key words:*** *human rights, law, international organizations, theories of democracy, constitutionalism.*

Демократияга болгон суроо-талап бүткүл дүйнөнү каптап кетти. Бул эпидемияга окшоп турат. Чыгыш Европа өлкөлөрүндөгү тоталитаризмдин кыйрашы, Түштүк Африкадагы апартеидди кулатуу, Кытай менен Бирмадагы жарандык эркиндик үчүн тайманбас кыймыл, диктатура адаттагы турмуш болуп калган Чили, Бразилия, Никарагуа, Кения, Таиланд, Филиппиндердеги жана башка өлкөлөрдөгү эркин шайлоолору үчүн күрөш, андан да Советтер Союзунун кайгылуу ыдырашы – мына ушул окуялардын бардыгы эркиндикке жана саясий азаттыкка карай жалпы жана табигый умтулуунун далили болуп саналат. Бул процесстерге биз элдердин эркиндикке, демократияга умтулуусунун жана бийликтин зомбулугун четке кагуунун далили катары Египтте, Ливияда, Тунисте, Иранда, Сирияда азыр болуп жаткан социалдык жарылууларды кошууга болот.

Жаңы демократиялык коомдор өз өлкөлөрүндө саясий, социалдык жана экономикалык кайра түзүүлөрдү жүргүзүүгө, өз жарандарынын укуктарын жана эркиндиктерин кеңейтүүгө аракет кылганына жараша келечекте бул саамалыктардын ийгилиги демократия принциптери менен институттары жарандардын жүрөктөрүнөн жана акыл-эсинен канчалык терең орун алышына байланыштуу болот. Элдерди эзүүгө каршы көтөргөн эркиндик идеялары, эгерде адамдар демократиянын маңызын билип жана ага баа бергенде, алар эркин коомдо жашоонун маанисин жана андай коом өзүнүн жашап турушу жана гүлдөп-өнүгүшү үчүн институттарда жана адамдардын жүрүш-турушунда кандай өзгөрүүлөр керек экендигин түшүнгөндө гана жүзөгө ашып жана убакыттын сыноосуна туруштук бере алат. Кыргызстандын жарандары өздөрүндө ансыз демократиянын жашап турушу мүмкүн болбогон адаттарды, максаттарды жана баалуулуктарды иштеп чыгууга, ошондой эле өздөрүндө аны чындап жана өркүндөтүүнү каалоону өнүктүрүүгө тийиш. Эгерде ар бир муун демократиянын баалуулуктарын жана маңызын түшүнгөндө гана башкаруунун ушул формасы ийгиликти жана туруктуулукту камсыз кылат.

Бул жаш демократтарга гана тиешелүү эмес. Демократияны окуп-үйрөнүү өнүккөн демократиялуу коомдор үчүн да маанилүү. Бирок муну көп учурда кашкайган чындык катары кабыл алынат, же таптакыр четке кагылат. Адамдар качан ал кадимкидей иштеп жатканда өздөрүнүн саясий системасына жакшы мамиле кылышат. Ошондуктан көп учурда демократияны атайын окуп үйрөнүү керекпи деп шек санашат. Ал эми айрымдары өзүнө сын көз менен кароону унутуп калышат да жарандык парызын жана демократияны туу тутуу сезимин жоготушат. Мунун кесепетинен демократияга өтө аз көңүл бурулат, айрым учурда дегеле тескери мамиле жасалат.

Эркиндикке умтулуу тубаса нерсе болсо да Кыргызстандын шартында демократия кандай иштеп жаткандыгын билүү үчүн аны окутуу, аны үйрөнүү зарыл. Эркин болууну каалаган кыргыз коомчулугу анын жарандары демократиянын теория жана практикасында жакшы билимге ээ болушуна жетишүү керек. Билимдин бир бөлүгү мектепте берилүүгө тийиш, алар балдарды билим берүү программаларынын алкагында гана эмес, ошондой эле аларды мектептердин өздөрүнүн ишмердигине жана ар кандай мектептен тышкары иш-чараларга катышууга тартуу менен окута алат. Бирок расмий билим берүү – бул эркин коомдо билим алуунун бирден-бир булагы. Башка да булактар – чоңдор үчүн курстар жана практикалык семинарлар, теле- жана радиопрограммалар, гезит жана журналдардагы макалалар, коомдук ишмердиктер бар – мына ушунун бардыгы бардык курактагы жарандарга демократияга үйрөнүүгө жардам берет.

Бул окуунун саясий маанисине шек санагандардын бардыгы тоталитардык жана авторитардык режимдер качандык кубаттуулук жана жигердүүлүк менен студенттерге окуу жайларында, жалпыга маалымдоо каражаттары жана башка булактар аркылуу берилип жаткан маалыматка контролдукту орнотууга далалат кыла тургандыгына көңүл буруулары керек. Андай режимдерге каршы ийгиликтүү күрөшкөндөр идеологиялык иштетүүнүн мындай практикасын жек көрөт жана ал келечекте эч качан колдонулбашын каалайт.

Бирок тоталитардык өкмөттүн жоктугу эле өз алдынча күчтүү, туруктуу жана натыйжалуу демократияны түзө албайт. Демократия шыдыр эле адамдарды демократиянын баалуулуктарына үйрөтүүгө жөндөмсүз. Эгерде демократиянын күчү, артыкчылыктары гана эмес, ошондой эле милдеттери Кыргызстандын жарандарына чейин жеткирилбесе, алар аны коргой албай калат. Ошондуктан демократияга окутууга карата өтө олуттуу жана жоопкерчиликтүү иш катары мамиле кылуу керек.

Демократияны жана анын бардык аспекттерин жакшы билүү жана түшүнүү зарыл болот. Бүгүнкү күндө "демократия" деген сөздүн өзү өтө модалуу болгону менен, тилекке каршы, көп учурда ал туура эмес түшүнүлөт жана туура эмес колдонулат. Тоталитардык жана милитаристтик режимдер, мисалы, өздөрүн "демократиялуу республикалар" деп аташы мүмкүн, бирок муну менен бирге сөз жүзүндө укуктар жана эркиндиктер жөнүндө жарыя кылган алардын конституциялары, иш жүзүндө фикциядан башка эч нерсеге арзыбайт. Андан тышкары, ондогон жылдар бою эзүү кадыресе турмуш болуп калган тоталитаризмден арылган өлкөдө демократияга жөнөкөй мамиле кылуу тенденциясы орун алып, аны идеялардын, институттардын, милдеттердин, укуктардын жана жосундардын татаал өз ара аракеттениши катары эмес, жеке эркиндиктин кепилдиги катары гана каралат.

Парламенттик республиканы орнотууга алып келген Кыргызстандагы 2010-жылдагы окуялар демократия – бул өз алдынча башкаруу системасы экендигин көрсөттү, мында бардык жарандар бирдей, ал эми саясий чечимдер көпчүлүк тарабынан кабыл алынат, бирок ар дайым азчылыктардын укуктарын эске алуу жана коргоо менен, өзүнүн кыйла "таза" формаларында демократия жарандарга чечимдерди кабыл алуу процессине тикелей катышуу мүмкүнчүлүгүн берет. Бул түздөн-түз демократия деп аталат. Бирок, азыркы коомдун өлчөмдөрүн жана татаалдыгын эске алуу менен адатта жарандар үчүн алардын атынан башкаруу жүргүзүп жана чечимдерди кабыл алган өз өкүлдөрүн шайлоо кыйла ылайыктуу. Өкүлчүлүктүү демократиянын негиздери - бул туруктуу, эркин, таза жана мелдешүүчүлүк шайлоолор, анын натыйжасында элге отчёт бере турган өкмөт шайланат. Кыргызстандын калкы демократиянын шартында өкмөт өзүнө эмес, тескерисинче элге кызмат кылуу үчүн жашай тургандыгына ниеттенет. Демократиялуу өкмөт өз бийлигин өзү башкаргандардан ала тургандыктан, эл өкмөткө ишенимден ажырап, аны тынчтык жолу менен алмаштыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Муну менен бирге чекеге ок жейм деп чочулоонун кереги жок.

Добуштардын көпчүлүгүн алган талапкер жеңүүчү деп эсептелген шайлоо системасы болгону менен демократиянын негизги принциптери болуп саналган мажоритардык система да бар, жөнөкөй мажоритаризмдин белгилүү кемчиликтери бар. Ошондуктан ал адатта конституциянын алкагында аракеттенет, бул өкмөттүн бийлигин чектейт жана инсандык жеке укуктарын жана азчылыктардын укуктарын камсыз кылат. мына ушундай конституциялык демократиялык системаларда бардык жарандар негизги укуктарга ээ болот, ал эми азчылыктардын укуктары көпчүлүктүн жакшы санаалаштыгына көз каранды болуп калат.

Мындай укуктар өлчөө өтө кыйын болгон механизмдер аркылуу кепилденет. Мисалы, Америка Кошмо Штаттарында бардык жарандардын ажыралгыс укуктары катары конституция басма сөз эркиндигин, дин тутуу, чогулуштар эркиндигин, ошондой эле адилеттүү сот эркиндигин жарыялайт. Федералдык өкмөт жана штаттардын өкмөттөрү ал укуктарды этибарга албаган же бузган мыйзамдарды кабыл ала албайт.

2010-жылы Кыргызстандын конституциясында бекемделген демократиялык башкаруунун башка бир негизги принциби болуп "токтотуу жана тең салмактар" системасы саналат, ал кайсы-бир башкаруу органында, саясий институтта, адамдардын тобунда же айрым адамдарда чексиз бийликтин болушуна жол бербейт. Атап айтканда, көз карандысыз сот бийлигинин болушу маанилүү, ал аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийликтерине өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын алкагынан чыгып кетүүгө жол бербейт. Кошмо Штаттарда аткаруу бийлиги жана Конгресс бири-бирин контролдоо жана тең салмактоо менен өз-өзүнчө иштейт. Ошентип, бир да адам, бир да бийлик бутагы жарандардын укуктарына коркунуч келтирип же ал укуктарды бузуу үчүн бийликти өз колуна топтой албайт.

Бирок, эгерде соңку жылдары Кыргызстанда болуп келгендей президенттин же өкмөттүн колуна бийлик ашкере топтолуп кеткендигинен улам иштей албаса, эгерде өкмөттө жетиштүү бийлик болбосо иштей албай калышы мүмкүн. Демократиялык процесс – бул ишмерсиздикти же анархияны бекемдөө эмес, адилеттүүлүктү камсыз кылуу үчүн формула. Ошентип, демократиялык башкаруунун ийгилигин камсыз кылуу үчүн жетекчилик керек, ал эми жарандар алар шайлаган жетекчилер кабыл алган чечимдерди жолдоого жана коомдун мыйзамдарын (эгерде ал мыйзамдар негизги укуктарды бузбаган шартта) аткарууга тийиш.

Айрымдардын түшүнүктөрүнө карабастан демократиялык саламаттуу коом – бул айрым адамдар өздөрүнүн жеке максаттарына жетүүчү жөн гана арена эмес. Демократия келечектеги эркиндик жана кеңири мүмкүнчүлүктөрү менен өзүнө тартып турат. Бирок, көп учурда четке кагылып келген анын ийгиликтүү иштеши үчүн зарыл шарт болуп милдеттүүлүк жана белгилүү менталдык саналат, ансыз демократиялуу коомдун жашашы мүмкүн эмес.

Демократиялык коомдун жарандары 2010-жылы Кыргызстандагыдай саясий турмушка жигердүү катышууга тийиш. Алар аны тынчтык жолу менен жасап, өз өкүлдөрүн жана өкмөтүн шайлап, саясий партиялардын, кесиптик бирликтердин жана башка

ыктыярдуу уюмдардын ишине катышып, жарандык жана жазык сотторунда сот калыстары катары өз парздарын аткарып же кайсы-бир мамлекеттик кызмат ордуна өз талапкерлигин кое алышат.

Коомдук турмушка үзүрлүү катышууну камсыз кылуу үчүн адамдар коомдун алдында турган проблемаларды жакшы билип, ошондой эле жеке жана топтук кызыкчылыктарды коомдук кызыкчылыктар менен айкалыштыра билүүгө тийиш. Алар башкача пикирге сабырдуу болуп, кызматташууга жана ыкка көнүүгө жөндөмдүүлүк болууга тийиш. Алар мыйзамга жана мыйзамдуу бийликке, ошондой эле менчик укугуна жана инсандын укугуна урматтоо менен мамиле кылышы керек. Бул – биргелешип жашоо жана иштөө ыкмасы. Ошондо гана Кыргызстандын жарандары өз милдеттерине олуттуу мамиле кылып, демократиялуу коомдун артыкчылыктары жана мүмкүнчүлүктөрү толук өлчөмдө ачылат.

Кыргызстанда жалпыга маалымдоо каражаттары азыркы коомдо эң таасирдүү институттардын бирине айланды. Эч ким аудиторияны эң кубаттуу билим берүү каражаты катары чыга алган радио, телекөрсөтүү, гезит, журналдар менен камтуу боюнча теңдеше албайт. Муну өз өлкөлөрүндө жалпыга маалымдоо каражаттарына контролдук кылып жана цензура жүргүзүү үчүн бардыгын жасаган авторитардык жана тоталитардык өкмөттөр жакшы түшүнүшөт. Кыргызстанда жалпыга маалымдоо каражаттары мамлекеттик контролдон эркин болуп калды. Алар саясий турмуштагы маанилүү окуяларды чагылдырып жана өкмөттүн жана башка таасирдүү институттардын ишмердигине кунт коюп көз салып турат.

Мисалы, биздин республика үчүн 1987-жылы негизделген демократиянын Панама Борбору эң сонун программаларды иштеп чыккан, алар жалпыга маалымдоо каражаттарын жарандык аң-сезимди тарбиялоо максаттарына багыттайт.

Коммерциялык үч телевизиондук компания менен кызматташтыкта Борбор анын иши жөнүндө баяндаган жана демократия жөнүндө маанилүү билим берүү маалыматтарын таркаткан 30 секунддук жарнамалык роликтердин сериясын чыгарган. Атап айтканда, алардын бири демократиялуу мамлекеттин келечектеги жарандарын өстүрүүгө тийиш болгон демократиялык коомдогу үй-бүлөнүн ролуна арналган. Экинчи ролик жашаган жери боюнча коомдук иштерге арналган. Борбор тарабынан ар айлык телевизиондук программалар түзүлөт, аларда демократиялык институттарды жана принциптерди түшүнүүнү тереңдеткен маселелер талкууланат.

Борбор радио боюнча жарнамалык программаларды уюштурган. Көпчүлүк учурларда аларды телевизиондук программаларга караганда арзан жана оңой даярдоого болот. Борбор ошондой эле ар жумалык бир сааттык радио программаларды алып баруу менен демократиялык баалуулуктарды жайылтат жана улуттук таламдарга байланыштуу маселелерди талкуулайт. Тематика маселелердин кеңири чөйрөсүн: маданият жана демократия, жер-жерлердеги өз алдынча башкаруу, демократияга окутуу маселелерин камтыйт.

Борбор тарабынан жүргүзүлгөн кыйла ийгиликтүү долбоор болуп алдыңкы улуттук гезиттердин биринин ар айлык гезиттик тиркемеси саналат. Ал жерде Борбор демократиялык принциптерди жана баалуулуктарды пропагандалаган өзүнүн жарнамалык кулактандырууларын, программаларын, макалаларын жарыялайт. Ай сайын – жаңы тема, Панамадагы юридикалык системанын тарыхы, же жарандардын демократиялык процесстерге же ыктыярдуу коомдук уюмдарга катышуусу.

Кыргызстандын жарандары үчүн коомдук ишмердик ал жашаган жерден башталат. Ар кандай эле таасирдүү демократиянын башкы күчү – бул коомдук уюмдар, алар адамдарга алардын жашоо-турмушун, алардын коңшуларынын жана бүтүндөй эле улуттун жашоо-турмушун козгогон саясий маселелерди чечүү мүмкүнчүлүгүн берет. Топторго биригүү менен саясий партиялар, кесиптик бирликтер, райондук уюмдар жана диний ассоциациялар, Кыргызстандын жарандары ассоциацияларга жана чогулуштарга болгон негизги эркиндик укуктарын жүзөгө ашыра алат. Биз кандай максаттар үчүн бириккендигибизге карабастан алар адамдарга өздөрү жашаган турмушту жакшыртууга адамдарга мүмкүнчүлүк берүү менен жарандар менен өкмөттүн ортосундагы байланыштыруучу звено болуп кызмат кылат.

Демократияны окутууга катышкан жарандардын райондук уюмдары алар азырынча жок райондордо ушундай эле топторду түзүүгө көмөк көрсөтүшү мүмкүн. Жарандар кесиптик таламдарды коргоо үчүн кесиптик бирликтерди уюштурушу мүмкүн. Алар курчап турган чөйрөнүн булганышына, жаныбарларга аеосуз мамиле кылууга, начар сапаттагы товарларды сатууга каршы күрөшүү үчүн уюмдарды түзүшү мүмкүн. Алар коомдук коопсуздукту чыңдап, кары-картаңдарга кызмат көрсөтүп, бакчаларды жана сейил бактарга көз боло турган уюмдарды түзө алышат. Жергиликтүү китепканаларды жакшыртуу, чакан райондогу тарыхый жерлерди коргоо, айылдарда СПИД же башка ооруларды дарылоого каражат издөө боюнча топторду түзүүгө болот. Өз профилине жараша мындай уюмдар жарандарды өз жашоо-турмушу жана коңшуларынын жашоо-турмушу үчүн жоопкерчиликти алууга жана кесиптик жана коомдук иштерге олуттуу катышууга үйрөтөт.

Ар кандай ассоциацияларга жана коомдук уюмдарга катышуу менен Кыргызстандын жарандары демократиялык билим алышат. Алар демократиянын шартында жеке ассоциациялардын ролу жөнүндө биринчилерден угуп жана аларды башкарууга катышуу менен демократиялык процесстин өзү андай уюмдардын ичинде кандай жүзөгө ашырылып жаткандыгына күбө болушат.

Жаңы демократиялык өлкөлөрдүн өкмөттөрү кабылган кырдаал экинчи дүйнөлүк согуштан

кийинки Япония менен Германиянын абалын эске салат. Элге билим берүүнү башкаруунун формаларын кайра карап чыгуу, бардыгы үчүн сапаттуу билим алууга жол ачуу, мугалимдерди даярдоону өркүндөтүү, саясатташтырылган окуу программаларынан жана окутуу усулдарынан баш тартуу зарыл – өлкөдөгү авторитардык режимден кийинки Кыргызстандын жалпы көйгөйү мына ушунда. Демократияга окутуу улуттук масштабда гана мүмкүн. Кыргызстандын жарандары өнүгүүнүн демократиялык жолун өз ыктыяры менен тандап алды. Кыргыз Республикасынын биринчи Президентин шайлоодон кийинки келечектеги реформалар демократиялык процесстердин нугунда жүрүүгө тийиш.

Советтик коом таануучулар салттуу кыргыз коомунда жеке бийлик жана өз журтташтарына жана урууларына карата бай-манаптардын эзүүсү басымдуулук кылат деп эсептешкен. Бирок кыргыздарда таптардын жиктелиши болбогон учурда элдин тарыхын иликтөөнүн таптык методологиясынан четтөө Россия тараптан мамлекеттүүлүктү таныбаган шартта көчмөн малчылыкка негизделген урук-туугандык коомдук түзүлүштүн өзгөчөлүгүн эске алуу, этнографиялык материалдарды жана тарыхый маалыматтарды калыс талдоо андай ырастоолор чындыктан өтө эле алыс экендигин көрсөтүп турат.

*Биринчиден,* салттуу кыргыз коомунда уруулардын же уруктардын башчыларынын жеке бийлиги үчүн экономикалык негиздер болгон эмес. Урууларды бириктирип турган материалдык жыргалчылыктын негизги базасы болгон жайыттар жалпы болгон. Мамлекеттүүлүк таанылбаган шартта алар тууган-уруктарын сырттан кол салуулардан биргелешип коргонууну, ошол доордун критерийлери менен аныкталган адилеттүүлүк принциби боюнча жайыттарды пайдаланууну талап кылган.

*Экинчиден,* урук жана уруулардын бүтүндүгү, жыргалчылыгы жана кадыр-баркы кыйла даражада бирикменин мүчөлөрүнүн ынтымагына көз каранды болгон. Ага коомдук мааниси бар маселелерди көпчүлүк, жок дегенде тарамдашкан туугандык бирикмелердин кадыр-баркы менен макулдашып чечүү жолу менен жетишилген.

*Үчүнчүдөн,* коомдук турмушту башкаруунун саясий надстройкасы азыркы өлчөм боюнча түйүлдүк абалында болгон, ошондуктан уруулук бирикменин ар бир мүчөсүнө коомдук тартипти сактоочунун функциясы жүктөлгөн. Коомдук пикирдин бардыгы тарабынан жогору жөнгө салынган мааниси, коомдук өз алдынча жөнгө салуу ченемдери: адеп, адат, салт, тыюу салуу жана уруксат кылуу түрүндөгү укуктук ченемдер болгон.

Ушул жана башка жагдайлар кыйла даражада салттуу кыргыз коомунда демократизм элементтеринин болушун шарттайт, ал жөнүндө “чыгыш башкаруусу” китебинде жазылган жана ал шыдыр эле кыргыздарга таандык болот. Кыргыздарда бардык коомдук маанилүү маселелер той, аш, сөөк коюудан баштап жерди пайдалануу, жайлоого көчүү мөөнөтүн аныктоого жана уруктар ортосундагы уруулар ортосундагы мамилелерди жөнгө салууга чейин аксакалдар кеңештеринде, уруу жакшыларынын чечими менен чечилген. “Кеңештин” чечими (бүтүм) анча жакшы болбой калса да кынтыксыз аткарылуучу. Андай болгондо: *"Кеңешип кескен бармак оорубайт"* деп айтышчу.

XVI кылымдын ортосунан баштап XIX кылымдарда өз алдынча урук-туугандык бирикмелер кыргыз коомчулугунун негизги административдик-саясий бирдиги болуп саналган. XV кылымдын акырынан XVI кылымдын башталышына чейин эл катары бириккен кыргыздар ушул структураны дагы көп кылымдар бою сактап калган.

Урук-туугандык бирикмелер, ал эми алар кырктан ашык болгон *(кырк уруу кыргыз),* өз кезегинде эки чоң аймактык-саясий түзүлүшкө – “оң” жана “сол” канаттын курамына кирген. Ар бир канат өз урук-туугандык бирикмелеринин улук бийлеринин ичинен чоң бийди көрсөтүшкөн, алар жалпы башкаруу ишин колго алышкан. Бирок алар иш жүзүндө кыйла жана туруктуу аскердик күчкө, экономикалык таасир көрсөтүү өбөлгөлөрүнө ээ болгон эмес, ошондуктан улук бийлердин - урук-туугандык бирикмелердин башчыларынын үстүнөн реалдуу бийлиги болгон эмес. Бул өз алдынча кыргыз мамлекеттүүлүгүн түзүүдөгү башкы тоскоолдуктардын бири болгон.

Уруулардын аскер башчылары өз элинин саясий лидерине айланып, ошол кездеги салттуу демократиялык институттарды сактоо менен ондогон жылдарга өз журтташтарынын тагдырын аныктап келген.

Тыянактар:

1. Азыркы учурда Кыргызстандын жарандарынын мыйзамдуу таламдарын камсыз кылууда бардык улуттук ресурстарды мобилизациялоо, калктын бардык катмарын интеграциялоо, мамлекеттик структуралардын мыйзамдуу иштеши үчүн бардык шарттар бар. Социалдык процесстерди демократиялаштыруу кыргыздар жана алардын жашоо ыңгайы үчүн жаңылык болуп саналган эмес, анткени кыргыздардын мамлекеттүүлүгүн өнүктүрүүнүн бардык учурларында демократия элементтери болуп келген, бирок азыркы учурда коомду демократиялаштыруу жана адам укуктарын коргоо жаңы мазмун жана маңыз менен толукталып, жаңы мыйзамдар менен бекемделип жатат.

2. Азыркы кыргыздардын эсинде ардакталып жана урмат-сыйга ээ болгон эл башчыларынын көптөрүнүн ысымдары сакталып турат, анткени алар эң оболу демократиялуу болушкан жана өз элин коргоп келген. Андай ысымдарды эстен чыгарбай жана азыркы муунду өз элин урматтоо духунда тарбиялоо, жаштар өз өлкөсүн биротоло таштап кетип, өз мекендештеринин эсебинен байып жана муну менен коомго жана мамлекетке орду толгус зыян келтирүүгө умтулбастан билимге умтулушу үчүн алар жөнүндө көбүрөөк жазуу керек.

3. Дал ушул муундан келечектеги парламентарийлер – кыргызстандыктардын укуктарын жана

эркиндиктерин коргоочулар калыптанат жана биздин элибиз 2010-жылы бүткүл дүйнөгө көрсөткөн демократия жана эркиндиктин духун бардык ыкмалар менен жана бардык билим берүү структураларында жайылтуу керек.

4. Кыргыз элинин өзүнө тартып арбап турган бийликтен жана кылмыштуу бийликтин зомбулугунан эркин болуу тилеги парламенттик республиканы курууга алып келди. 2011-жылы Египетте, Тунисте, Бахрейнде, Йеменде, Сомалиде, Ливияда жана башка мамлекеттерде экспансияга жана бийликтин зулумдугуна каршы социалдык жарылуу толкуну каптап, б.а. жаңы мезгил, бардык нерселерден эркин эмес адамдарды боштондукка чыгаруу мезгили, адам укуктары менен эркиндиктерин жүзөгө ашыруу мезгили келди.

**Рецензент: д.ю.н., профессор Арабаев Ч.И.**